# Кыргыз-Түрк "Манас" университети мекемесинин институционалдык аккредитациялоонун алдын ала жыйынтыктары

**Төрага:**

Байсеркеев Аскарбек Эсенович,
Эл аралык Кувейт университети, ректор, пед.и.д., профессор.

**Комиссия мүчөлөрү:**

Исмаилов Бактыбек Искакович,
ББПУАА Президенти, КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери, т.и.д., профессор.

Кыдыралиев Алмазбек Тойматович,
Ж.Баласагын атындагы КУУ, окуу бөлүмүнүн башчысы, п.и.к.

Исаков Эрнис Касымович,
КР ЖК Аппаратынын маалыматтык технологиялар бөлүмүнүн башчысы, 1-класстагы мамлекеттик кызматтын кеңешчиси

Керимкулова Меримкуль Кадыровна,
Ж.Баласагын атындагы КУУ, А.А.Асанова атындагы Менеджмент жана бизнес институтунун директору, э.и.к., доцент.

**Референт:**

Мамбеталиева Светлана Медетбековна,
ББПУАА директору, т.и.к.

*30.03.2026 г. – 31.03.2026 г.*

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ААОПО)

## КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯСЫНЫН АЛДЫН АЛА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

### 1-СТАНДАРТ. Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясаты

**Күчтүү жактары:**

1. Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) жогорку академиялык аброю.
2. КМТУ дүйнөлүк QS рейтингине кирген. 2023-жылдагы ийгилиги: дүйнөдө 801-орунда, ал эми Азиядагы университеттердин рейтингинде алгачкы 300 мыкты университеттин катарына кирген (баракчалар: https://www.manas.edu.kg/kg/news/3916, https://www.manas.edu.kg/kg/news/4547).
3. 2024-жылдын 24-январында UI GreenMetric Дүйнөдөгү университеттердин рейтингинде Кыргыз-Түрк "Манас" университети алдыңкы 500-гө кирген (баракча: https://www.manas.edu.kg/kg/news/4890).
4. 2024-жылдын 29-январында Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Кинематография Департаментинин "Кыргызтасмасы" мамлекеттик киноборбору тарабынан Кыргыз-Түрк "Манас" университетине Кыргыз Республикасынын улуттук кино индустриясынын өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн Ардак грамота ыйгарылды (баракча: https://www.manas.edu.kg/kg/news/4902).
5. 2024-жылдын 13-майында Кыргыз-Түрк "Манас" университети QS Stars Эл аралык университеттер рейтингинде Кыргызстандан төрт жылдызга ээ болгон алгачкы жана жалгыз университет болду. (баракча: https://www.manas.edu.kg/kg/news/5279).
6. 2024-жылдын 11-июлунда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиги тарабынан Кыргыз-Түрк "Манас" университети Алкыш баракчасы менен сыйланды (баракча: https://www.manas.edu.kg/kg/news/5508).
7. 2024-жылдын 30-декбрында Өлкөнүн руханий-маданий, гуманитардык жактан өнүгүшүнө кошкон зор салымы жана билим берүү тармагындагы жетишкендиктери үчүн Билим берүүнүн флагманы, Кыргыз-Түрк "Манас" университети "Кыргыз Бренди" номинациясына ээ болду (баракча: https://www.manas.edu.kg/kg/news/6025).
8. Кыргыз-Түрк "Манас" университети 2025-жылдын QS дүйнөлүк университеттердин предметтик рейтингинде искусство жана гуманитардык илимдер менен заманбап тилдерди үйрөтүү боюнча дүйнөнүн эң мыкты университеттеринин катарына кирди. Анда окуу жай искусство жана гуманитардык илимдер боюнча 391-орунда болсо, заманбап тилдер дисциплинасында 301-350-орундар аралыгында жайгашкан (https://www.manas.edu.kg/kg/news/6249).
9. Окуу жайдын сайты туруктуу 4 тилде иштейт.

**Алсыз жактары:**

1. Студенттик өз алдынча башкаруу органдарынын институционалдык процесстерге тартылуу деңгээли жетишсиз.

**Сунуштар:**

1. 01.09.2026-жылга чейин студенттик өз алдынча башкаруу органдарынын институционалдык процесстерге катышуусун кеңейтүү боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү.

**1-стандарт эскертүүлөр менен аткарылып жатат.**

**2-СТАНДАРТ. Адам ресурстарын башкаруу**

**Күчтүү жактары:**

1. КТМУнун Билим берүүнүн сапаты департаментинин ички сапатты камсыз кылуу системасын киргизүү жана өнүктүрүү боюнча системалуу жана натыйжалуу иши өзгөчө белгиленет. TS EN ISO 9001:2015 стандарттарынын системалуу колдонулушу туруктуу иштеши, процесстердин мониторингин жана билим берүү кызматтарынын сапатын үзгүлтүксүз жогорулатууну камсыз кылат.

**2-стандарт аткарылып жатат.**

**3-СТАНДАРТ. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**3-стандарт аткарылып жатат.**

**4-СТАНДАРТ. Финансылык ресурстарды башкаруу**

**Күчтүү жактары:**

- Каржылоонун көлөмүнүн жана атайын каражаттардын туруктуу өсүшү белгиленет.
- Университет тышкы жана гранттык каржылоону активдүү тартат, билим берүү жана илимий инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган эл аралык жана улуттук долбоорлорду ишке ашырат.
- Билим алуучуларга жана персоналга финансылык жардамды, жеңилдиктерди, материалдык шыктандырууну жана турак жай колдоосун камтыган системалуу социалдык колдоо көрсөтүлөт.

**Алсыз жактары:**

1. Чарбалык келишимдердин жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн көлөмүн кеңейтүүнүн эсебинен киреше базасын диверсификациялоону мындан ары өнүктүрүү талап кылынат.

**Сунуштар:**

1. 01.09.2026-жылга чейин чарбалык келишимдик ишмердүүлүктү, илимий иштеп чыгууларды коммерциялаштырууну жана кошумча билим берүү кызматтарын

кеңейтүүнүн эсебинен киреше базасын диверсификациялоону күчөтүү боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү.

**4-стандарт эскертүүлөр менен аткарылып жатат.**

## 5-СТАНДАРТ. Илимий ишмердүүлүк

**Күчтүү жактары:**

1. Илимий-изилдөө институттарынын жана илимий борборлордун болушу.
2. Жаңы илимий лабораторияларды модернизациялоого жана ачууга мүмкүндүк берген эл аралык илимий жана билим берүү долбоорлору.
3. Аймактык **Scopus** борборунун болушу.

**Алсыз жактары:**

1. Интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын коммерциялаштыруу денгээли жогору эмес.

**Сунуштар:**

1. 2026-жылдын 01.09уна чейин интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын коммерциялаштыруу боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке киргизүү жана андан ары натыйжаларын өнүктүрүү менен талдоо жүргүзүү.

**5-стандарт эскертүүлөр менен аткарылып жатат.**

## СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1-стандарт — эскертүүлөр менен аткарылып жатат
2-стандарт — аткарылып жатат
3-стандарт — аткарылып жатат
4-стандарт — эскертүүлөр менен аткарылып жатат
5-стандарт — эскертүүлөр менен аткарылып жатат

**Эксперттик комиссиянын аккредитациялык чечим боюнча долбоору:**

**Кыргыз-Түрк "Манас" университети** институционалдык аккредитациянын стандарттарына жана критерийлерине жооп берген жогорку кесиптик билим берүү мекемеси катары **5 жылдык мөөнөткө** аккредитациялансын.

***30-31.2026-ж.***